*Х.Жээнбаев атындагы мектеп-лицейи*

# “Өз колум менен”

***Мугалим: Сулайманова Л.М.***



Сканировано с CamScanner

09.02.2023.

# Технология сабагы боюнча көргөзмө

**Темасы:** "Өз колум менен"

**Максаты:** 1. Окуучулардын өз колунан жаралган эмгектерин көрүүчүлөргө тартуулап, көргөзүү

2. Жасалган буюмдардын техникаларын мастер класс көргөзүү менен жактоо

3. Көргөзмө таланттуу балдарды аныктоо жана кесиптик багыт берүү максатында өткөрүлөт

4. Ийримдин иш-аракетине башка окуучулардын кызыгуусун ойготуу. Эстетикалык табитти ойготуу жана искусствону пропагандалоо

**Күтүлүүчү натыйжа:** Окуучулар эмгектерин көргөзө алышат, жактай алышат

**Усулу:** Интерактивдүү, практикалык

**Формасы:** Конкурс түрүндө

**Техникалык сөздүк:** квилинг, оригами, джут филиграны, чаптап жасоо, токуунун түрлөрү

Сканировано с CamScanner

## Көргөзмөнүн жүрүшү

**Уюштуруу иши:** Жюринин курамын түзүү

**Мугалимдин сөзү:** Саламатсыңарбы? Биздин көргөзмөгө кош келиниздер. Биздин көргөзбүз "Өз колум менен" деп аталат. Биздин Х.Жээнбаев атындагы мектеп-лицейинде жыл сайын технология сабагынан жана "Алтын ийне" кружогунун көргөзмөсү болуп келет.

Дагы эле ошондой көргөзмөнү бүгүн силерге тартуулап жатабыз. Көргөзмөнүн аты айтып тургандай окуучуларыбыздын ар кандай техникаларды колдонуп, өз колдору менен жасаган буюмдары (поделка) көргөзүлөт.

Мисалы, илме шибеге менен токуу, кийиз басуу, курак, квиллинг, оригами, джут филигрань, чаптап жасоо (апликация), сайма саюу, бисер токуу, шуру токуу жана башка көптөгөн техникалар көргөзүлөт. Окуучулар өз өнөрүн мастер класс кылып көргөзүп беришет же болбосо ооз эки түрүндө айтып беришет. Мындайча айтканда жакташат.

Көргөзмөгө 5-6-7 класстын окуучу кыздарынан экиден катышат. Сиздерге тааныштырып кетейин.

**Тааныштыруу:** 1. Жюринин курамы

2. Катышуучу окуучулар

Техникалардын көптүгү жана чыгармачылык аркылуу ишмердүүлүктүн түрлөрү, материалдардын көптүгү жана аларды колдоно билүү ыкмалары менен тааныштыруу – окуучулардын жөндөмдүүлүктөрүн жогорулатат. Технология сабагы балдардын иш үстүндө өз алдынча ойлонуу, сезимдерин менен көргөзүүгө жана айтууга шарт түзөт. Окуучунун психикалык өнүгүүсүнүн негизи болгон активдүү сенсордук өнүгүүгө өбөлгө түзөт. Сенсордук өнүгүү биринчи даражадагы мааниге ээ болгон психикалык функцияларды калыптандыруу үчүн зарыл өбөлгөлөрдү түзөт. Көрүү, угуу, тактилдик, кинетикалык, кинестетикалык жана башка сезүү жана кабылдоо түрлөрүн өнүктүрүүгө багытталган.

Сканировано с CamScanner

Ар кандай ыкмаларды колдонуу мектеп окуучуларынын мотивациясынын деңгээлин жогорулатууга мүмкүндүк берет, аларда сулуулук сезимин, көркөм табитти, чыгармачылык фантазияны өнүктүрөт. Чыгармачылык ишмердүүлүк өсүүрүмдүн төмөнкү сапаттарын аныктоого мүмкүндүк берет: максаттарына жетүү, жаңы идеяны түзүүгө көмөктөшкөн өзүнүн оригиналдуу идеяларын ишке ашыруу.

Оригами, кийиз басуу, апликациялоо окуучулардын эстетикалык жана көркөм табитин калыптандырууга жардам берет. Мисалы, кийиз басуу аркылуу кыргыз улуттук эстетикасын калыптандырса болот. Эстетикалык жана көркөм табит сулуулук мыйзамдары, эстетикалык өнүгүү, искусство, дизайн, эстетикалык багыт, идеал сыяктуу түшүнүктөр менен бирге дүйнөнүн эстетикалык өнүгүүсүн талдоо үчүн колдонулуучу эстетикалык ишмердүүлүктүн категорияларына кирет. Эстетикалык маданияттын деңгээли адамды курчап турган эстетикалык жана көркөм баалуулуктардын ар түрдүү системасында адамдын адекваттуу багыт алуу мүмкүнчүлүгү менен байланышкан.

**Жыйынтыктоо:** Жюрининин курамы көргөзмөнү кыдырып, текшеришет. Жюрининин пайда болгон суроолоруна окууучулар жооп беришет.

**Баалоо:** Ар бир класстын жасаган эмгеги жана көргөзүлгөн мастер класстары, ооз эки жактоолору бааланат. Жеңүүчүлөр грамота менен сыйланышат.

Сканировано с CamScanner